**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата биринчи расмий оппонент, саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичтин**

# СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Адам социалдык-экономикалык туңгуюктун татаал шарттарында инсан катары "Мен киммин?" деген суроого жооп издеп, өзүн-өзү таануу зарылдыгын сезет. Музей мейкиндигине кайрылып, ал өз жообун табат,



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
А. АЛТЫМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ
ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-106-20
«18» 11 2021 ж

дүйнө таанымын калыптандырат, ага ата-бабалары өткөрүп берген баалуулуктарды бекемдейт. Музейдин бул маанилүү кызматтары алгачкы музейлер пайда болгондон бери көптөгөн жылдар бою сакталып келе жатат. Бирок азыркы коомдо музейдин кызматтары да өзгөрүлүп, аны салттуу түрдө түшүнүү тарыхта калды. Бүгүнкү күндө музей өз коомчулугунун суроо-талаптарына тездик менен жооп берген динамикалык билим берүү болуп саналат. Постмодерн доорунда музей көп кызматтуу социалдык-маданий мекемеге айланат жана бул кызматтар убакыттын өтүшү менен кеңейүүдө. Салттуу кызматтарга коммуникация, социалдык инклюзия, социалдык интеграция, илимий-изилдөө ишмердүүлүк, билим берүүчүлүк, көңүл ачуу жана эс алуу кызматтары кошулат. Мындан тышкары инсандын жана коомчулуктун иденттүүлүгүн, мекенчилдикке тарбиялоону, өзүн-өзү тарбиялоону жана өзүн-өзү өнүктүрүүнү калыптандырууда музейдин ролу жогорулоодо. Ошентип, азыркы коомдо музейдин социалдык ролу барган сайын өсүүдө, бул ушул багыттагы изилдөөчүлүк жумуштарынын көйгөйлөрүн жаратат.

**2. Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

Х.Х. Ибайдуллаевдин илимий-изилдөөсүндө музей ишмердүүлүгүнүн алкагында Кыргызстандагы музейлердин өзгөчөлүктөрүнүн негизги багыттарын, структураларын жана келечекте музей тармагында иш алып баруу үчүн мамлекет тарабынан башкаруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуусунда жана изилдөө ишинин максатына ылайык жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн негизинде төмөнкү натыйжалар алынган:

**Натыйжа 1.** Автор өзүнүн изилдөө ишинде Кыргызстандын музейлеринин коомдогу ордунун жаңы парадигмасы боюнча аныктаган.

**Натыйжа 2.** Музейлердин өткөөл мезгилдеги процесске кошулгандагы алгачкы шарттарын жана аларга ылайык келген музей ишинин методологиясын караган.

**Натыйжа 3.** Музейлердин өзгөрүлмөлүү коомго өтүү процессинин этаптарын жана анын жүрүшүндөгү реформаларды аныктаган.

**Натыйжа 4.** Музей ишмердүүлүгүнүн салттуу жана инновациялык форматындагы проблемалар салыштырылып талдоо жүргүзүлгөн.

**Натыйжа 5.** Музейлердин өзгөрүлмөлүү коомго өтүү процессин ишке ашыруудагы артыкчылыктар менен кемчиликтер көрсөтүлгөн.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер социология илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

***Биринчиден,*** бүгүнкү ааламдашуу жараяны тездик менен жүрүп жаткан коомдо, элдердин музейлерге кандай максаттар менен келишкени чоң мааниге ээ. Бул багыттагы элдердин ой пикирлери такталганда алар көбүнчө тарыхты үйрөнүү, рухий дүйнөнү байытуу, үй-бүлөсүн маданий эс алдыруу сыяктуу максаттарда келишкенин жана алардын басымдуу бөлүгү жаш муундун өкүлдөрү экени кубанарлык көрүнүш. Ошондой эле конокторун, туристтерин тарыхый жайларга, музейлерге алып келүү маданиятынын өнүгүп келе жатканын айтсак болот. Музейлердин коомдогу маданий-агартуучулук кызматтарына болгон элдин талабы жогору экендиги эске алынып, музей тармагын модернизациялоо, инновацияларды камсыз кылуу маселелерин чечүү керектигин белгилеп кеткен.

***Экинчиден,*** учурдагы музейлер өздөрүнүн ишмердүүлүгүн элге жеткирүүдө массалык маалымат каражаттарында эми гана өз ордун таап келе жатканы анкталган. Ошондой эле элдердин арасында ата-бабалардан калган тарыхый-маданий мурастарды үйрөнүүдө, башкаларга жеткирүүдө

кайдыгер карабай, бири-бирине маалымат таратууда активдүү экени көрүндү. Андан сырткары музейлердин коомдогу маданий-агартуучулук кызматын дагы да күчөтүү, тарыхый-маданий мурастарыбыздын маани-маңызын элге жеткирүү иштерин жандандыруу зарылдыгы келип чыкты. Замандын талабына жараша интернет тармагында, телевидение жана радиодо сыяктуу маалымат булактары менен иштешүүнү колго алуу керектигин аныктаган.

***Үчүнчүдөн,*** музей иши жаатында, ошондой эле ага байланыштуу иш-аракеттер чөйрөсүндө кадрлардын квалификациясын жогорулатуу маселесин камтыган. Сурамжылоо көрсөткөндөй, музей көрүүчүлөрүнүн басымдуу бөлүгү экскурсиянын сапатына жана музейлердеги башка кызмат көрсөтүүлөргө канааттанган эмес. Мындан тышкары, музейлерде иштеген жаштар өтө эле аз. Бул кырдаалды өзгөртүү объективдүү муктаждыкка айланууда, анткени бир нече жылдан кийин музей иши кадрдык кризиске дуушар болуусун эскерткен. Мындан тышкары, жаш кадрлар коноктордун жаш категориясын тартууга жардам берет, бул дагы объективдүү муктаждык. Ошондой эле, музей кызматкерлеринин, экскурсоводдордун көрүүчүлөрдү тейлөө деңгээлин эл аралык деңгээлге көтөрүү зарылдыгын белгилеп кеткен.

***Төртүнчүдөн,*** музейлер базасында талкууларды, конференцияларды, тегерек столдорду уюштуруу жана башка билим берүүчү иш-чараларды өткөрүү үчүн интерактивдүү аянтчаларды түзүү жолу менен музейлердин илимий изилдөө, билим берүүчүлүк жана тарбиялык кызматтарын өнүктүрүүнү айткан. Ошондой эле музей көрүүчүлөргө илимий-популярдуу формада көрсөтүлүшү мүмкүн, бул маданий жана табигый мураска кызыкдар адамдарды кошумча коноктордун тобуна тартууга мүмкүндүгүн аныктаган. Ушул максатта экспозиция жана көргөзмө жайлары популярдуу жана жеткиликтүү формада экскурсиялар менен коштолушун, ошондой эле пикир алмашуу үчүн дискуссиялык сайттар жана виртуалдык дискурс

аянтчалары, окуучулар жана чоңдор үчүн ар кандай викториналар, квесттер жана башка оюн иш-чаралары уюштуруу керектигин баса белгилеген.

**4. Диссертациядагы ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык даражасы.**

**Натыйжа 1.** Заманбап методологиялык принциптердин негизинде Кыргызстандагы музейлер тармагынын ишин оптималдаштырууда, алардын рейтингин жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алаарына диссертант тарабынан алгачкылардан болуп комплекстүү изилденген. Муну дассертациялык иштин негизги жаңычылыктары катары эсептөөгө болот. Бул тема кыргыз социология илиминде мурда конкреттүү жаңы багыттар менен комплекстүү изилденген эмес.

**Натыйжа 2.** Диссертацияда музей ишиндеги реформанын негизги максаты катары өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана коомдун талабына ылайык тарыхын сыйлаган жана маданияттуу инсанды калыптандырууга багытталган. Ошондой эле музейди өнүктүрүүнүн чет элдик жана ата мекендик тажрыйбаларды жалпылоонун негизинде системалык, коммуникативдик жана чөйрөлүк жөнгө салуулардын алкагында социалдык институт катары анын жаңы мазмуну аныкталганы автордун илимий ишинин негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Натыйжа 3.** Өзгөрүп жаткан коомдогу социалдык институт катары музейдин ролу, мааниси жана социалдык кызматтары жаңы көз караште каралганы негизги жаңылык катары эсептөөгө болот.

**Натыйжа 4.** Социологиялык изилдөөлөрдүн жаңы эмпирикалык материалдарынын негизинде биринчи жолу аймактагы музейдин жана музей ишмердүүлүгүнүн учурдагы абалы жана өнүгүү перспективалары аныкталды.

**Натыйжа 5.** Автордун бул эмгегин булактык материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана

жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот. Бул аракет иштин ар бир жыйынтыгынын жана корутундусунун негиздүүлүгүн, ынанымдуулугун, далилдүүлүгүн ырастап турат.

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын ички биримдигин актуалдуу маселени чечүүгө багыттуулугун баалоо.**

Диссертанттын изилдөө ишинин натыйжаларынын негиздүүлүгүнө, ишенимдүүлүгүнө жана жаңылыгына болгон талдообуз көрсөткөндөй, ар бир өзүнчө алынган натыйжа изилдөөнүн ички логикасына туура келет жана жыйынтыктар диссертациялык иште коюлган максатка шайкеш болуп, өз ара биримдикте жана бүтүндүктө жазылган.

Сунушталган диссертациялык ишти жаңы илимий эмгек катары мүнөздөсө болот, анкета анын корутундулары социология илимдеринин ушул багыттагы жалпы теориялык принциптерин байытып, толуктап турат.

Кыргызстандагы музейлер тармагы 1991-жылдан кийин өткөөл мезгилди башынан өткөрүп жатат. Коомдун келечектеги өнүгүшүндө замандын шарттарына ылайык музейдин коомдогу ролу жана мааниси Кыргызстандын демократияга, рыноктук экономикага багыт алышы, анын эл аралык деңгээлдеги глобалдык маданияттардын таасиринен чыгуу зарылдыгы көрсөтүпгөн.

Х.Х. Ибайдуллаевдин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темада жазган диссертациясы музейлердин Кыргызстандагы ишмердүүлүгүнүн келечектеги өнүгүшүнүн негизинде комплекстүү изилдөөгө алынган илимий эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес музейлердин ишин оптималдаштырууда, алардын коомдогу ордун жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыккан актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**6. Изилдөөчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Автор тарабынан 2019-жылдан баштан изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Алсак, статистикалык маалыматтар, тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер документтерди талдоо усулун пайдалануу менен илимий жактан талданган. Музей көрүүчүлөргө, жергиликтүү калкка (музей жайгашкан аймактагы) жана эксперттерге (КРнын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, облустагы ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөрдүн, райондордун жана айыл өкмөттөрдүн музейлер тармагын тейлеген бөлүмүнүн адистери, өлкөдөгү ири музейлердин тажрыйбалуу кызматкерлери) сурамжылоодо бардыгы болуп 850 респондентке массалык сурамжылоо жүргүзүлдү. Алынган жооптор SPSS-16, Google Forms программаларында иштелип чыкты. Географиялык курчоо: Ош, Жалал-Абад жана Баткен облустарын камтыган.

**7. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттери автореферattын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациялык темага байланыштуу автордук жарык көргөн эмгектеринин мазмунунун диссертациянын илимий жыйынтыктарына, каралган жоболоруна, корутундусуна жооп бериши.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 11 илимий макаласы, анын ичинен 4 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир мүчүлүштүктөр да орун алган. Ошондуктан каалоо иретинде төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Диссертациялык иштин мазмунунда облустардагы ири музейлер гана каралган, келечекте айыл жергесиндеги музейлердин көйгөйлөрү да көтөрүлсө иштин деңгээли мындан да салмактуурак болот.
2. Диссертациялык иштеги мамлекеттик жана мамлекеттик эмес музейлердин ишмердүүлүгү боюнча салыштырмалуу маалыматтарды билдирип койсо, диссертациялык иштин маңызы мындан да тереңирээк болуп калмак.
3. Диссертациялык тексттин стилистикалык жана техникалык жактарын карап чыгуу зарыл.

Бирок аталган кемчиликтер диссертациянын жогорку илимий деңгээлин төмөндөтө албайт.

**10. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө”гү жобосунун талаптарына шайкештиги.**

Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевичтин «Музей өзгөрүлмөлүү коомдогу социалдык институт катары» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш,

социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы өз алдынча даярдалган илимий жыйынтыктары ынанымдуу, социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо турган илимий эмгек болуп саналат. Ошондуктан анын автору социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептеймин.

**Саясий илимдеринин доктору,**
**профессор:** Жоробеков Ж.Ж.

Подпись Ж. Жоробекова подтверждаю:
Инсп.ОК: Э. Мамбеткулов
18.11.2021.

Учреждение
"Центр политологических исследований и экспертиз"
Национальной академии наук Кыргызской Республики
Вх.Исх./№ 140
«24» 11 2021 ж. г.
ИНН 02301202010261